# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТОВАРДЫК РЫНОКТОРУНДАГЫ АТААНДАШТЫКТЫН АБАЛЫ ЖАНА АТААНДАШТЫК ЭРЕЖЕЛЕРИНИН БУЗУЛУШУНА БӨГӨТ КОЮУ БОЮНЧА КӨРҮЛГӨН ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ 2024-ЖЫЛДЫН ОТЧЕТУ

## 1. КИРИШҮҮ

2024-жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын товардык рынокторундагы атаандаштыктын абалы жана атаандаштыктын эрежелерин бузууга бөгөт коюу боюнча көрүлгөн чаралар жөнүндө жылдык отчет (мындан ары - Жылдык отчет) Кыргыз Республикасынын "Атаандаштык жөнүндө" Мыйзамынын 4-беренесине ылайык түзүлдү.

Жылдык отчет Кыргыз Республикасынын рынокторундагы атаандаштыктын абалы жана Кыргыз Республикасында экономиканы турукташтыруу жана өнүктүрүү боюнча көрүлүп жаткан чаралар жөнүндө маалыматтарды камтыйт.

Жылдык отчеттун максаты коомчулукка жыл сайын атаандаштыкты коргоо жана өнүктүрүү жана монополиялык ишмердүүлүктүн, ак ниетсиз атаандаштыктын алдын алуу, чектөө, бөгөт коюу боюнча кабыл алынган чараларды, ошондой эле Кыргыз Республикасынын рынокторундагы шарттарынын натыйжалуулугун түзүү жана камсыз кылуу жөнүндө маалымдоо.

Атаандаштык белгилүү эрежелерге ээ болгон мамлекет менен чарба жүргүзүүчү субъекттердин ортосундагы, өлкөнүн атаандаштык мыйзамдарында белгиленген мамилелердин өзгөчө бир чөйрөсүн түзөт. Рыноктогу атаандаштык бизнести өнүктүрүүнүн негизин түзөт жана рыноктук механизмдин мүмкүнчүлүктөрүн толук ишке ашырууну камсыздайт.

Мамлекеттик монополияга каршы орган тарабынан 2024-жылы атаандаштыкты өнүктүрүү жана атаандаштыктын эрежелерин бузуунун алдын алуу боюнча төмөнкү иштер жүргүзүлдү:

## 2. Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мыйзамдары жана аны өркүндөтүү

2024-жылдын 7-августундагы № 162 Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына ("Ишкердиктин субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө", "Атаандаштык жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынды, анда төмөндөгүлөр каралган:

"Ишкердиктин субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Мыйзамдын бөлүгүндөгү өзгөртүүлөр, ушул мыйзамдын ишкердик субъекттеринин монополияга каршы органынын мыйзамдарына каршы келген аракеттеринде, керектөө бааларын жогорулатуу (төмөндөтүү) белгилери боюнча монополияга каршы органдын текшерүүлөрүнүн тартибин жана жол-жоболорун, социалдык маанилүү товарларга бааларды мамлекеттик жөнгө салууда, ошондой эле Евразия экономикалык комиссиясынын жүйөлүү сунуштамасында жөнгө салбай тургандыгын аныктайт.

<u>"Атаандаштык жөнүндө" Мыйзамдын бөлүгүндө:</u>

- ушул Мыйзамдын жоболору ата мекендик жана/же чет өлкөлүк жактардын же болбосо уюмдардын ортосунда Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары жетишилген макулдашууларга, ошондой эле эгерде мындай макулдашуулар же аракеттер Кыргыз Республикасынын аймагындагы атаандаштыктын абалына таасир этсе;
- трансчекаралык рыноктордогу атаандаштыктын жалпы эрежелери менен жөнгө салынган мамилелерге жайылтылбайт;
- "картель" түшүнүгүн киргизүү жана чарбакер субъект жана чарбалык иштерди координациялоо сыяктуу айрым аныктамаларды тактоо;
- коллективдүү үстөмдүк жөнүндөгү жоболорду тактоо;
- жамааттык үстөмдүк жөнүндө жоболорду тактоо;
- мамлекет атаандаштыкты мыйзам менен чектөөгө укуктуу болгон учурларды көрсөтүүдө;
- кызматкерлерге жүктөлгөн милдеттерди аткарууда автоматташтырылган маалымат (маалыматтык системалардан) маалыматка жетүү укугун тактоодо.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 25-ноябрындагы №713 “Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мыйзамдары жаатында жөнгө салуу жана көзөмөлдөө боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан контроль жүргүзүүнүн тартибин бекитүү жөнүндө” токтому кабыл алынган, анда:

- контролдоо ишин жүргүзүүдө монополияга каршы органдын жана анын кызматкерлеринин укуктары жана милдеттери;
- контролдоо иш-чараларынын башталышы жана аякташы, ошондой эле мындай иш-чаралардын натыйжалары боюнча тиешелүү акты түзүү талаптары;
- контролдоо ишин жүргүзүү процессинде контролдун субъекттеринин укуктарын коргоо;
- контролдук иш-чаралардын жүрүшүндө аныкталган бузуулар боюнча көрүлгөн чаралар;
- контролдоо ишин жүргүзүүдө жана мыйзамсыз аракеттерди (аракетсиздикти) жасаганда өзүнүн функцияларын жана кызматтык милдеттерин талаптагыдай аткарбаган учурда Монополияга каршы органдын жоопкерчилиги.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 2-декабрындагы №724 “Чийки сүткө базалык бааны белгилөө жөнүндө” токтому кабыл алынган.“Чийки сүткө базалык бааны белгилөө жөнүндө”токтому менен чийки сүткө базалык бааны белгилөө тартиби бекитилди, бааны белгилөөдө мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, чарба жүргүзүүчү субъекттер жана башка кызыкдар жактар тарабынан жетекчиликке алынуучу жол-жоболорду аныктайт.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 19-июнундагы №320 токтому менен “Борборлоштурулган ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди аныктоо” тартиби бекитилген.

Бул Борборлоштурулган ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди аныктоо тартиби суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу ишканалары (уюмдары) тарабынан көрсөтүлүүчү борборлоштурулган ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызматтарын көрсөтүү үчүн тарифтерди түзүү боюнча бирдиктүү методикалык көрсөтмө болуп саналат.

Тартиптин негизги максаттары болуп төмөнкүлөр саналат:

1) борборлоштурулган ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызматтарын көрсөтүү үчүн тарифтерди негизсиз белгилөөгө жана жогорулатууга жол бербөө;

2) керектөөчүлөрдү ичүүчү сууну этияттык менен пайдаланууга жана ресурстарды үнөмдөөчү технологияларды колдонууга дем берүү;

3) борборлоштурулган суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызматтарын көрсөтүү менен байланышкан чыгымдардын ордун толтуруу.

## 3. Экономиканын айрым тармактарындагы атаандаштыктын абалын талдоо.

2024-жылы республиканын товардык рынокторунун түзүмү төмөндөгүдөй:

### 1. *Табигый монополиялардын товардык рыноктору*

Табигый монополиялардын чөйрөлөрү "Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-1-беренесинде аныкталган.

Монополияга каршы мамлекеттик орган - Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы (мындан ары - Кызмат) отун-энергетикалык комплекс чөйрөсүндөгү жөнгө салууну кошпогондо, табигый монополиялардын субъекттеринин ишин мамлекеттик жөнгө салууну жүзөгө ашырат.

**2025-жылдын 1-январына карата** табигый монополиялардын субъекттеринин мамлекеттик реестрине (мындан ары - Реестр) киргизилген чарбакер субъекттердин жалпы саны **102** бирдикти түзөт.

| **Кызмат тарабынан жөнгө салынуучу табигый монополиялардын чөйрөлөрүнүн тизмеси** | **Чарбакер субъекттердин саны** |
|---|---|

| | |
|---|---|
| Жалпы пайдалануудагы электр байланыш жана почта байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | **3** |
| Борбордоштурулган суу менен жабдуу жана суу бөлүштүрүү | **87** |
| Темир жол ташуулары | **10** |
| Эл аралык жана транзиттик учууларды аэронавигациялык тейлөөнү кошпогондо, учууларды аэронавигациялык тейлөө; | **1** |
| Ички авиаташууларды жерде тейлөө | **1** |

*Реестр Кызматтын сайтында жайгаштырылган: - https://antimonopolia.gov.kg/ru/%d1%80%d0%b5%d0%b5%d1%81%d1%82%d1%80-%d1%81%d1%83%d0%b1%d1%8a%d0%b5%d0%ba%d1%82%d0%be%d0%b2-%d0%b5%d1%81%d1%82%d0%b5%d1%81%d1%82%d0%b2%d0%b5%d0%bd%d0%bd%d1%8b%d1%85-%d0%bc%d0%be%d0%bd%d0%be%d0%bf/

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 9-январындагы № 1 "Ишкердик субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүгө убактылуу тыюу салууну (мораторий) киргизүү жөнүндө" Жарлыгын аткаруу максатында 2024-жылы ишкердиктин субъекттерине, анын ичинде табигый монополиялардын субъекттерине пландуу текшерүүлөр **демилгеленген эмес.**

“Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы № 83 токтому менен бекитилген мамлекет тарабынан жөнгө салынуучу чарбакер субъекттердин товарларына (иштерине, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө жобого ылайык, Кызмат тарабынан кийинки иштер жүргүзүлүп, **2019-жылдан бери, башкача айтканда 5 жылдан бери** табигый монополиялардын субъекттерине тарифтер кайра каралбагандыгын белгилей кетүү керек:

**1. “Радиорелейлик магистралдык, телекөрсөтүү жана радиоуктуруу боюнча республикалык өндүрүштүк бирикмеси” ААКсы (РМТ РРӨБ) -** Кызматтын 2024-жылдын 21-февралындагы № 9 буйругу менен санариптик форматтагы телекөрсөтүү кызматына тариф (социалдык пакети кайра каралып, 1 сааттык берүү үчүн 36 029 сом өлчөмүндө белгиленген).

**2. «Кыргызтелеком» ААКсы:**

- Кызматтын 2024-жылдын 9-июлундагы № 42 буйругу менен «Кыргызтелеком» ААКсы үчүн «Телефон канализация системасынын аянтын үчүнчү жактарга пайдаланууга берүү» кызматына тариф айына 1 канал/км үчүн 818 сом деп белгиленген. Долбоордук деңгээлинен тарифтердин төмөндөшү 36% түздү.

- Кызматтын 2024-жылдын 30-августундагы № 57 буйругу менен «Кыргызтелеком» ААКга жергиликтүү телефон байланышын берүү келишиминин мамлекеттик тилде формасы макулдашылган. Келишимдин расмий тилдеги формасы 2020-жылы макулдашылган.

**3. «Кыргыз почтасы» ААКсы:**

Кызматтын 2024-жылдын 7-октябрындагы № 63 буйругу менен «Кыргыз почтасы» ААКсына почта байланышын көрсөтүү боюнча Типтүү келишимдин формасы макулдашылган.

2024-жылга карата Товардык рыногуна талдоо жүргүзүү планына ылайык, жөнгө салынуучу почта байланышы рыногунун табигый монополиялардын абалынан атаандаштык абалына өтүү мүмкүнчүлүгүн баалоо үчүн почта байланышы рыногуна талдоо жүргүзүлгөн.

Анализдин жыйынтыгы көрсөткөндөй, «Кыргыз почтасы» ААКнын үлүшү, же мамлекеттик почта кызматынын ички кат жүзүндөгү корреспонденцияларды жөнөтүү секторундагы үлүшү туруктуу жана өзгөрүүсүз бойдон калууда:

- 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча – 94,3%;
- 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча - 92,6%.

Ата мекендик жазуу жүзүндөгү корреспонденциялар секторунда мамлекеттик эмес операторлордун үлүшү болгону: 2022-жылы - 5,7%, 2023-жылы - 7,4% түздү.

«Кыргызпочтасы» МИнин кеңири тармакталган түйүнү кат-кабарларды республиканын эң алыскы айылдарына жана райондоруна чейин жеткирүүгө мүмкүндүк берет, буга рыноктогу башка операторлордун мүмкүнчүлүгү жок. Жеке компаниялар почта кызматтары чөйрөсүн негизинен ири шаарларда өздөштүрүп жаткандыктан, бул айыл жергесинде керектөөчүлөрдү тейлөө сапатынын начарлашына жана почта кызматтарынын физикалык жактан жеткиликсиз болушуна алып келүүдө.

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда универсалдуу почта кызматтарын көрсөтүү секторун кошпогондо, почта байланышы рыногунун бардык секторлорунда эркин атаандаштык өкүм сүрүүдө (кат жүзүндөгү корреспонденциялар).

Мындай жагдай дүйнөлүк практикага туура келип, бул тармактын экономикалык өзгөчөлүктөрү менен шартталат. Батыш Европада жана Түндүк Америкада мамлекеттик операторлордун үлүшү 98 пайызды, Чыгыш Европада 95 пайызды түзөт.

«Почта байланышы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, **универсалдуу почта байланышы кызматына** - пайдалануучуга өлкөнүн аймагында жалпыга жеткиликтүү тарифтер боюнча көрсөтүлүүчү почта байланышынын эң зарыл (кат-кабар жөнөтмөлөрү) кызматы **камтылат.**

Жогоруда айтылгандардын негизинде, жазуу жүзүндөгү кат-кабарларды жөнөтүү маанилүү кызмат болуп саналат, башкача айтканда, коомдук мааниге ээ.

Дүйнөдөгү универсалдуу почта байланыш кызматтарынын курамын деталдуу талдоо көрсөткөндөй, почта байланыш кызматы универсалдуу болуп саналат, эгерде ал:

- өлкөнүн бардык аймагында бирдиктүү маалыматтык мыйзам чыгаруу, салык жана социалдык саясатты жүргүзүү үчүн зарыл;
- коомдук мааниге ээ;
- мурдатан калыптанып калган салттарга ээ, алардын бузулушу жарандардын бакубаттуулугуна жана алардын мамлекеттин туруктуулугуна жана стабилдүүлүгүнүн кабыл алышына терс таасирин тийгизет;
- мамлекет өзүнө алган эл аралык милдеттенмелерге ылайык колдонулат.

Жогорудагынын негизинде. эл аралык тажрыйбанын негизинде, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын эске алуу менен, республиканын баардык аймактарына жогорку сапаттагы универсалдуу почта кызматтарын көрсөтүүнү камсыз кылуу максатында, бүгүнкү күндөгүдөй, айрым категориядагы жана белгилүү бир салмактагы ички жазуу жүзүндөгү кат-кабарларды жөнөтүү үчүн тарифтерди **мамлекеттик гана жөнгө салууга** калтыруу максатка ылайык.

Белгилей кетсек, өткөн жылдарда жазуу жүзүндөгү кат-кабарларды жөнөтүү менен катар «Кыргыз почтасы» мамлекеттик ишканасынын төмөнкү кызматтары да жөнгө салынчу:

- баалуу каттардагы административдик материалдарды кабыл алуу жана жеткирүү, административдик материалдар үчүн айыптарды кабыл алуу кызматтары (2009-жыл);
- почта жөнөтмөсүн (жөнөкөй, заказдык, телеграфтык) жеткирүү жөнүндө билдирүүнү жөнөтүү (2010-ж, 2011-ж.).

Андан кийин, почта байланышы рыногунун өнүгүшүнө байланыштуу бул кызматтардын бардыгы мамлекеттик жөнгө салуудан алынып салынган.

Рынокту талдоо көрсөткөндөй, 2022-2023-жылдарга «Кыргыз почтасы» ААКнын үлүшү 94,4%дан 92,6%га чейин азайган. «Кыргыз почтасы» ААКсы жазуу жүзүндөгү кат-кабарларды жөнөтүү боюнча кызмат көрсөтүүчү жалгыз мекеме эмес. Рынокто чакан үлүштөрү менен башка субъекттер дагы бар. Бул субъекттердин биринин максималдуу үлүшү 2,4% түзөт.

Жогорудагылардын негизинде, почта байланышы рыногунун өзгөргөн шарттарын эске алуу менен 2025-жылы “Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү менен почта байланышы рыногун табигый монополия чөйрөсүнөн атаандаштыкка өткөрүү мүмкүнчүлүгү жөнүндө маселе каралат.

**4. «Кыргыз темир жолу» улуттук компаниясы» мамлекеттик ишканасы.**

“Кыргыз темир жолу” УК” мамлекеттик ишканасы Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жолун куруу долбоорун ишке ашырууга жигердүү катышып, тараптар, 2023-жылдын орто

ченинде долбоордун техникалык-экономикалык негиздемесин биргелешип иштеп чыгууну аякташкан, анын жыйынтыгында аталган темир жол линиясын куруунун техникалык жана экономикалык максатка ылайыктуулугу тастыкталган. Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жолунун жалпы узундугу Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу 311,75 чакырымды түзөт, каттам Торугарт-Арпа-Кош-Дөбө-Макмал-Жалал-Абад аркылуу өтөт.

Белгилей кетсек, Балыкчы-Кочкор темир жолунун курулушун “Кыргыз темир жолу” УК” мамлекеттик ишканасы каржылап жатат. Кыргыз темир жолу Балыкчы-Кочкор темир жолунун курулушуна таза кирешенин 50 пайызын бөлүүдө. Курулуш «Кыргыз темир жолу» УК» мамлекеттик ишканасынын өздүк каражатынын эсебинен жүргүзүлүүдө. Курулуш иштери 2022-жылдын 31-мартында башталып, келерки жылы бүтөт.

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин жүк ташуу тарифтерин жогорулатуу жөнүндөгү кайрылуусунун негизинде, ошондой эле "Кыргыз темир жолу" МИнин ички автожол тармагын өнүктүрүүгө жана жаңы темир жол магистралдарын ("Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан", "Балыкчы-Тамчы-Чолпон-Ата") курууга, ошондой эле "Кочкор-Кара-Кече-Макмал" темир жол линиясын куруу долбоорун иштеп чыгууга жана ишке ашырууга багытталган инвестициялык пландарын жана долбоорлорун ишке ашыруу боюнча "Кыргыз темир жолу" МИнин берген материалдарынын негизинде, келтирген стратегиялык маанилүү факторлорун эске алуу менен, Кызмат учурда темир жол аркылуу жүк ташуу тарифтерин жогорулатууну мүмкүн деп эсептеди.

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин республика ичиндеги бардык темир жол каттамдары боюнча ЛЮКС жана ВИП категориясындагы вагондордо жүргүнчүлөрдү ташуу үчүн атайын (белгиленген) тарифти макулдашууга байланыштуу, ошондой эле Бишкек-II ст. – Кайыңды ст. багытына тиешелүү Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин буйруктарына киргизилип жаткан өзгөртүүлөргө,Кызмат макулдугун берди.

**5. «Кыргызаэронавигация» МИси.**

Кызмат «Кыргызаэронавигация» мамлекеттик ишканасынын «Авиа Траффик Компани» ЖЧКсына аэронавигациялык кызмат көрсөтүүлөргө (АНКК) тарифти колдонуу боюнча кайрылуусунун алкагында иштерди жүргүзгөн.

"Кыргызаэронавигация" мамлекеттик ишканасынын жана "АвиаТраффик компани" ЖЧКсынын өкүлдөрүнүн катышуусу менен Кызматтын аянтчасында өткөрүлгөн жумушчу жолугушуулардын алкагында, тараптар Бишкек шаарына аргасыз конуу менен Москва-Ош каттамы (рейс AVJ966) эл аралык ташуу болуп саналаарын жана "АвиаТраффик Компани" ЖЧКсы тарабынан төлөм жүргүзүлө тургандыгын түшүнүштү.

Кызмат "Кыргызаэронавигация" МИ бардык авиакомпаниялар үчүн АНО кызматтарын көрсөтүүгө келишимдерди түзүүдө **бирдей мамилени камсыз кылуусу** жана монополияга каршы органдын 2022-жылдын 17-февралындагы №1 буйругу менен макулдашылган Типтүү келишимдин формасын так жетекчиликке алуусу зарыл экендигин белгиледи.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигине жана «Кыргызаэронавигация» мамлекеттик ишканасына «эл аралык ташуу» деген сөздөр боюнча сунуштарды тез арада киргизүү максатка ылайыктуу, бул тууралуу «эл аралык ташуу» деген сөздү иштеп чыгуу үчүн жумушчу топ түзүү үчүн кат жөнөтүлгөн.

**6.«Роял Бич» ЖЧКсына, «ЦО Радуга» ЖЧКсына, КР Президентинин Иш башкармалыгына караштуу «Ысык-Көл Аврора» санаторийи» МИсине** ичүүчү сууну берүү жана канализациялык агындыларды кабыл алуу боюнча **кызмат көрсөтүүлөр,** ошондой эле кызмат көрсөтүү боюнча келишимдин типтүү формасы **макулдашылды**. Ошондой эле, аймактык бөлүмдөр тарабынан суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу боюнча тарифтерди белгилөө маселеси боюнча Жалал-Абад облусунда – 4 суб., Чүй облусунда – 6 суб., Ысык-Көл облусунда – 8 суб., Талас облусунда – 6 суб., Ош шаары боюнча – 3 суб., Ош облусу

боюнча – 1 суб., Нарын облусу боюнча – 1 суб. менен коомдук талкуулар өткөрүлдү. Тарифтер бекитилди.

***2.Үстөмдүк абалды ээлеген чарбакер субъекттердин катышуусундагы товардык рыноктор***

**01.01.2025-жылга карата** Кыргыз Республикасынын товардык рынокторунда үстөмдүк абалды ээлеген чарбакер субъекттердин мамлекеттик реестрине (мындан ары – Мамлекеттик реестр) киргизилген чарбакер субъекттердин жалпы саны – **103**, анын ичинен:

республикалык реестрде – **28 субъект**;

аймактык реестрлерде – **75 субъект**.

Мамлекеттик реестр Кызматтын сайтында жайгаштырылган https://antimonopolia.gov.kg/ru/%d1%80%d0%b5%d0%b5%d1%81%d1%82%d1%80-%d0%b4%d0%be%d0%bc%d0%b8%d0%bd%d0%b0%d0%bd%d1%82%d0%bd%d1%8b%d1%85-%d1%81%d1%83%d0%b1%d1%8a%d0%b5%d0%ba%d1%82%d0%be%d0%b2/

2024-жылы, аталган Реестрге маалыматтык сервистерге, тиркемелерге, маалымат базаларына жетүү аркылуу жүргүнчүлөр менен такси айдоочуларынын ортосундагы маалыматтык өз ара аракеттенүүнү жүзөгө ашыруу кызматы боюнча **«Яндекс.Такси.Корп» ЖЧКсы** жана электрондук санариптик кол тамганы берүү боюнча **«Дос Тек Групп» ЖЧКсы** киргизилди.

«Скай Мобайл» ЖЧКсынын Кыргыз Республикасынын товардык рынокторунда үстөмдүк абалды ээлеген чарбакер субъекттердин мамлекеттик реестринен чыгаруу жөнүндө өтүнмөсүнүн негизинде, жүргүзүлгөн кыймылдуу радиотелефон байланыш кызматтарынын товардык рыногундагы атаандаштыктын абалына талдоонун жыйынтыгы боюнча, Кызматтын 2023-жылдын 4-августундагы № 30 буйругу менен **аталган Реестрге өзгөртүүлөр киргизилип**, ага ылайык **«Скай Мобайл» ЖЧКсы, «НУР Телеком» ЖЧКсы, «Альфа Телеком» ЖАКсы Реестрге «кыймылдуу радиотелефон тармагынын кызматтары» боюнча жамааттык үстөмдүк шарттарында киргизилди.**

Үстөмдүк абалды ээлеген чарбакер субъекттердин (доминанттардын) ишине «Атаандаштык жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык экономикалык-статистикалык байкоо жүргүзүлөт.

***Экономикалык-статистикалык байкоонун алкагында, Кызмат тарабынан төмөнкү иштер аткарылды.***

**Күйүүчү май рыногу.**

2024-жылы Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы менен нефтетрейдерлердин ортосунда «Баа түзүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын алкагында 2023-жылы түзүлгөн мунай заттар рыногунда кызматташуу жөнүндө Макулдашуунун алкагында иштер улантылды.

2024-жылдын башынан бүгүнкү күнгө чейин мунайзаттарына баа төмөндөгү себептерден улам жогорулаган:

- Россия Федерациясынын Өкмөтү тарабынан Россия Федерациясынын ички рыногун толтуруу үчүн бензинди экспорттоого тыюу салынды, ага ылайык экспорттук сунуштун көлөмү кескин кыскарды, бул өз кезегинде күйүүчү майдын экспорттук бааларынын өсүшүнө алып келди;

- заводдорду оңдоого токтотуу да рынокто күйүүчү май менен камсыз кылуу көлөмүнүн азайышына, ошого жараша баанын өсүшүнө алып келет.

Белгилей кетүүчү нерсе, 2024-жылдын 1-октябрынан тартып Кыргызстанда импорттолгон жана өндүрүлгөн бензинге жана дизелдик отунга молекулярдык маркерлерди колдонуу менен милдеттүү түрдө маркировкалоо киргизилген. Ошол эле учурда, 2025-жылдын 1-январынан тартып маркировкаланбаган бензиндин жана дизелдик отундун жүгүртүлүшүнө тыюу салынган**.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 4-июлундагы №361 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында күйүүчү май маркерлерин колдонуунун тартиби жөнүндө жобонун 14-пунктуна ылайык, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер

Кабинетинин 2024-жылдын 27-сентябрындагы №587 “Мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн инновациялык долбоорун ишке ашыруу жана отунду маркалоо операторун аныктоо жөнүндө” токтому менен **«Учкун» ААКтын күйүүчү майлоочу майларга жана маркировкалоо кызматынын тарифи 0,37 сом/литр деңгээлинде убактылуу (6 айлык мөөнөткө) макулдашылды.**

2024-жылдын ноябрь айынын экинчи жарымында Кыргызстандын айрым май куюучу жайларында автогаз (СГГ-суюлтулган газ) менен убактылуу кыйынчылыктар жаралган. КР Нефтетрейдерлер ассоциациясынын маалыматы боюнча, тартыштык Россия Федерациясында темир жол цистерналарынын жетишсиздигине байланыштуу болгон.

Экинчи себеп, акыркы жылдары Кыргызстанда бензинге болгон баанын олуттуу айырмасынан улам, газды керектөө бир нече эсеге көбөйүп, баасынын олуттуу жогорулашына алып келген.

Күйүүчү-майлоочу майларга баа динамикасын талдоонун жыйынтыгы боюнча нефтетрейдерлерге баалардын негизсиз көтөрүлүшүнө жол бербөө боюнча тиешелүү сунуштамалар берилди. Белгилей кетсек, Кызмат тарабынан Кыргызстандагы Нефтетрейдерлер ассоциациясына автогаздын жетишсиздигине байланыштуу кырдаалды жөнгө салуу жана анын баасын турукташтыруу боюнча кат жөнөтүлдү.

Ошондой эле, Кызмат тарабынан Кыргызстандын нефтетрейдерлер ассоциациясына темир жол вагондорундагы (цистерналар) көйгөйлөрдөн улам, Кыргыз Республикасында автогаздын тартыштыгын болтурбоо жана республикада автогаздын запастарын жетишээрлик камсыз кылуу максатында, нефтетрейдерлерге жер астындагы же жер үстүндөгү газгольдерлерди (газ цистерналарын) сатып алуу сунушу менен кат жөнөткөн.

**2024-жылга карата Кыргыз Республикасында орточо А-92 бензинине жана дизелдик отунга (сом/литр) айлык рыноктук (чекене) баасы**

| | Январь | Февраль | Март | Апрель | Май | Июнь | Июль | Август | Сентябрь | Октябрь | Ноябрь | Декабрь |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| А-92 | 62,5 | 62,2 | 63,0 | 64,9 | 65,8 | 66,0 | 66,4 | 66,6 | 66,5 | 66,5 | 66,8 | 64,6 |
| Дм | 70,3 | 70,3 | 70,8 | 72,6 | 72,9 | 72,9 | 73,3 | 74,0 | 74,0 | 74,1 | 74,3 | 72,1 |

**2025-жылдын 10-февралына карата ЕАЭБге мүчө мамлекеттерде күйүүчү-майлоочу майлардын орточо салыштырма баасы, сом/л (Улуттук банктын 2025-жылдын 10-февралына карата курсу боюнча)**

| | Кыргызстан | Казахстан | Россия | Беларусия | Армения | Таджикистан | Өзбекистан |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Аи-92 | 65,0 | 34,0 | 46,4 | 58,6 | 109,2 | 83,6 | 71,7 |
| Аи-95 | 73,0 | 45,6 | 50,8 | 61,1 | 115,8 | 86,7 | 85,8 |
| Дм | 72,6 | 48,9 | 57,6 | 61,1 | 111,4 | 92,3 | 83,8 |

ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин жана үчүнчү өлкөлөрдүн күйүүчү-майлоочу майлардын рынокторундагы кырдаалга баа берүү, бензиндин баасы алардын өздүк өндүрүшүн эске алуу менен Казакстан, Россия жана Белоруссияда гана Кыргыз Республикасына караганда төмөн экенин көрсөттү, бул да Кыргыз Республикасында күйүүчү-майлоочу майлардын рыногунда бааларды кармап туруу боюнча жүргүзүлүп жаткан иш-чаралардын оң натыйжасын тастыктайт.

**Цемент рыногу**

Цемент рыногунда үстөмдүк кылуучу субъекттер – «Түштүк-Кыргыз Цемент» ЖАКы, «Кант цемент заводу» ААКы жана «Түштүк курулуш материалдар комбинаты» ЖЧКсы бар, алар цемент өндүрүшүнүн олуттуу үлүшүн – 97,1%, цемент рыногунун – 83% камсыздайт.

2024-жылы цементтин чекене баасы кескин жогорулады, бул республиканын рынокторуна цементти жеткирүүдөгү үзгүлтүктөргө байланыштуу болду. Кызмат тарабынан

цемент заводдору менен "Атаандаштык жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын так сактоо жана цементтин жетишсиздигине байланыштуу түзүлгөн кырдаалга байланыштуу Кыргыз Республикасынын ички рыногунда жасалма тартыштыктын пайда болушуна жол бербөө боюнча чараларды көрүү боюнча иш жүргүзүлдү. Түзүлгөн кырдаал чыгарылган продукцияга баанын негизсиз жогорулашына алып келбеши керек.

Зарыл чаралардын бири катары Кызмат биринчи кезекте цементке болгон муктаждыкты камсыз кылууну сунуштады:

-Ысык-Көл облусундагы - Кант цемент заводун;

-Бишкек шаарындагы жана Чүй облусундагы - «Южно-Кыргызский Цемент» ЖАКсын, «Южный комбинат строительных материалов» ЖЧКсын жана «Синьжи-Пирим» ЖЧКсын:

Аталган цемент заводдору тарабынан цементтин дүң-сатуу баалары 2024-жылы өзгөргөн жок. Жыйынтыгында маселе чечилип, бул кырдаалды турукташтырууга мүмкүндүк берди.

**Кыргыз Республикасында цементке орточо рыноктук чекене баалар**

| **№** | **Товардын аталышы** | **Өлчөө бирдиги** | **2024-жылы баа (сом)** |
|---|---|---|---|
| 1. | Цемент М-400 (жергиликтүү) | 50 кг | 402,5 |
| 2. | Цемент М-400 (импорттолгон) | 50 кг | 455,0 |

**Көмүр рыногу**

**2024-жылы көмүргө бааларды мамлекеттик жөнгө салуу эки жолу киргизилген**:

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 8-сентябрындагы 7№455 «Социалдык маанидеги товарларга бааларды мамлекеттик жөнгө салуу жөнүндө» токтомунун негизинде, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин 2023-жылдын 18-октябрындагы №133 «Кыргыз Республикасынын аймагында көмүргө бааларды убактылуу мамлекеттик жөнгө салууну киргизүү жөнүндө» буйругун аткаруу үчүн **(мамлекеттик жөнгө салуу 2023-жылдын 25-октябрынан 2024-жылдын 25-январына чейин киргизилген**), Кызмат тарабынан Кыргыз Республикасынын облустары жана Бишкек, Ош шаарлары боюнча көмүргө баалардын максималдуу деңгээлдери белгиленген.

Мамлекеттик жөнгө салуу мезгилинде Кызмат тарабынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, салык органдарынын жана ички иштер органдарынын кызматкерлерин тартуу менен белгиленген баалардын сакталышына карата контролдук иш-чаралар жүргүзүлгөн.

Ошондой эле, Кызмат тарабынан көмүр сатуу тармагында иш алып барган чарбакер субъекттердин арасында түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, көмүрдүн баасына күн сайын мониторинг жүргүзүлдү.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 8-сентябрындагы №455 «Социалдык маанидеги товарларга бааларды мамлекеттик жөнгө салуу жөнүндө» токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин 2024-жылдын 19-августундагы №78 «Кыргыз Республикасынын аймагында көмүргө бааларды убактылуу мамлекеттик жөнгө салууну киргизүү жөнүндө» буйругу менен **2024-жылдын 15-сентябрынан 2024-жылдын 15-декабрына чейин көмүргө бааларды убактылуу мамлекеттик жөнгө салуу киргизилген**.

**2024-жылдын 27-декабрынан тартып көмүргө бааларды мамлекеттик жөнгө салуу 2025-жылдын 15-февралына чейин мөөнөтү узартылган.**

Мамлекеттик жөнгө салуунун алкагында Кызмат тарабынан Кыргыз Республикасынын облустары жана Бишкек, Ош шаарлары боюнча көмүргө баалардын максималдуу деңгээлдери белгиленген, бул кыш мезгилинде калк үчүн көмүрдүн жеткиликтүү болушун камсыздады.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 28-майындагы №265 “Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2024/2025-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө” токтомунун 3-пунктун аткаруу максатында, тиешелүү иштер аткарылды.

«Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2024/2025-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин

2024-жылдын 30-майындагы №265 токтомун ишке ашыруу жөнүндө» 2024-жылдын 30-майында №26 буйрук чыккан. Буйрукка ылайык, Кызматтын аймактык бөлүмдөрү тарабынан төмөндөгүлөр белгиленди:

- «Кыргызкөмүр» мамлекеттик ишканасы тарабынан берилген тизмеге ылайык, Кыргыз Республикасынын отун-энергетикалык комплексинин ишканаларына көмүр жеткирүүнү жүзөгө ашырган Кыргыз Республикасынын көмүр казуучу компанияларына көмүрдүн баалары;
- күйүүчү-майлоочу жана башка керектелүүчү материалдардын наркы өзгөргөн (жогорулаган же төмөндөгөн) учурда аларды кайра карап чыгуу (кайра бекитүү) укугу менен тариф түрүндөгү маршруттар боюнча кайтарым багытты эске алуу менен автотранспорт каражаттары менен көмүр жана мазут ташууга баа;
- «Кыргызкөмүр» МИ тарабынан берилген материалдарга (эсептөөлөргө) ылайык, Балыкчы шаарындагы жүктөө-түшүрүү аянтчасында көмүрдү темир жол транспортуна кайра жүктөө боюнча кызматтардын наркы.

**Кумшекер рыногу**

**Кант өндүрүү рыногунда** субъектилердин тобунун курамында «Кайыңды-Кант» ААКсы жана «Кошой» ААК субъектилеринин **абалы үстөмдүк кылуучу деп таанылган.**

3 жыл аралыгында кантка болгон бааны туруктуу негизде кармап туруу максатында, Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы менен «Кайыңды-Кант» ААКсы, «Кошой» ААКсы, «Умай Групп» ЖЧКсы (Народный, Глобус, Достор), «Азия Ретейл» ЖЧКсы (Фрунзе), «Торговый Дом «Яр-Марка» ЖЧКсы, «Шекер» дүң соода маркети, «Рейтейл Холдинг» ААКсы (Боорсок), «Боорсок Инвест» ЖЧКсы (Алма) жана «К.М.Компани» ЖЧКнын (КИВИ) ортосунда түзүлгөн Кызматташуу келишиминин алкагында иштер жүргүзүлүп келет.

Бул Макулдашуунун алкагында биллинг системасы бар соода түйүндөрү кумшекерди бир лоялдуулук картасы боюнча суткасына бир кишиге 1 кг чектөө менен, өндүрүүчү заводдордун дүң-сатуу баасына 2 сом/кг ашпаган үстөк баа менен сатышат, 1 кг ашык сатылганда үстөк баа 7 сом/кг ашпайт. Биллинг системасы жок соода түйүндөрү кумшекерди өндүрүүчү заводдордун дүң-сатуу баасына 5 сом/кг ашпаган үстөк баа менен чекене баада сатышат.

Макулдашуу андан келип чыккан милдеттенмелерди өзүнө алууга даяр болгон соода түйүндөрүнүн кошулуусу үчүн ачык.

**2024-жылга карата республика боюнча кум шекердин орточо рыноктук чекене баасы (сом/кг)**

| | КР | Бишкек | Токмок | Нарын | Каракол | Талас | Ош | Жалал-Абад | Баткен |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Январь 2024-ж. | 77,8 | 79,5 | 75,5 | 75,0 | 74,9 | 80,0 | 76,3 | 78,5 | 82,5 |
| Февраль 2024-ж. | 77,4 | 79,5 | 76,0 | 75,0 | 75,3 | 77,5 | 75,0 | 78,5 | 82,5 |
| Март 2024-ж. | 78,0 | 79,3 | 76,5 | 75,8 | 77,4 | 77,5 | 75,0 | 78,5 | 84,4 |
| Апрель 2024-ж. | 79,7 | 81,4 | 77,0 | 76,0 | 78,9 | 78,3 | 76,0 | 79,8 | 90,0 |
| Май 2024-ж. | 80,8 | 82,5 | 77,5 | 78,6 | 79,4 | 78,8 | 78,3 | 81,5 | 90,0 |
| Июнь 2024-ж. | 81,7 | 82,5 | 77,0 | 80,8 | 80,2 | 80,1 | 80,0 | 81,9 | 91,0 |
| Июль 2024-ж. | 81,7 | 82,5 | 77,0 | 80,8 | 80,2 | 80,1 | 80,0 | 81,9 | 91,0 |
| Август 2024-ж. | 81,7 | 82,5 | 79,4 | 81,0 | 79,1 | 78,1 | 79,3 | 81,5 | 92,5 |
| Сентябрь 2024-ж | 80,1 | 82,5 | 77,8 | 81,0 | 77,4 | 77,1 | 77,5 | 79,6 | 88,1 |
| Октябрь 2024-ж.. | 77,7 | 82,5 | 77,5 | 73,5 | 75,4 | 76,0 | 73,5 | 78,5 | 85,0 |
| Ноябрь 2024-ж. | 75,1 | 82,5 | 73,8 | 71,3 | 66,3 | 73,9 | 72,8 | 75,1 | 85,0 |
| Декабрь 2024-ж. | 70,7 | 82,5 | 65,0 | 62,5 | 61,8 | 70,0 | 68,5 | 72,5 | 82,5 |

Канттын баасынын деңгээлинин өзгөрүү динамикасы көрсөткөндөй, 2024-жылдын октябрынан тартып республика боюнча канттын орточо чекене баасы 7 сом/кг төмөндөгөн.

